TÜRK MAMLEKETTERDİN PARLAMENTTİK ASSAMBLEYASI

**TürkPAnın EKONOMİKALIK KIZMATTAŞTIK BOYUNÇA KOMİSSİYASININ**

**ON BİRİNÇİ JIYINI**

**2024-jıldın, 19-aprelinde, Bişkek**

**SUNUŞTAMALAR**
**"TürkPAga müçö mamleketterdin sooda-satıktagı missiyası: uluttuk ekonomikanı çıŋdoo jana birgelešken ekonomikalık kızmatašuuga salım koşuu"**

Parlamenttik assamblea:

TürkPAga müçö mamleketterdin sooda-ekonomikalık potensialın işke aşıruu üçün koldo bolgon mümkünçülüktördü paydalanuunun zarıldıgın **tüşünüp;**
TürkPA regiondoru el aralık sooданı önüktürüü üçün şarttardı tüzüünün maanilüülügün **basa belgilep;**
TürkPAga müçö mamleketterdin ortosundagı sooданı jeŋildetüü jana tezdetüüdö sooda ökülçülüktörünün özgöçö rolun **ırastoo;**
TürkPAga müçö mamleketterdin uluttuk ekonomikaların çıŋdoogo bagıtталган bardık öz ara kızmatašuu iş-çaraların **kubattoo;**
TürkPA regiondorunun birgelešken ekonomikalık kızmatašuuga salım koşuusu boyunça kaysı bir taraptın demilgesin koldoonun maanilüülügün **tüşünüü;**
Sooda-ekonomikalık önügüünü stimuldaştıruu maksatında TürkPAga müçö mamlekettер tarabınan bekitilgen el aralık kelişimderde belgilengen TürkPAnın aymagı arkılıuu ötüüçü tranziттik kattamdar üçün jagımduu şarttardı tüzüünün zarıldıgın **taanuu;**

Убакыт өткөн сайын татаалдашып бара жаткан геосаясий жана эл аралык социалдык-экономикалык кырдаалда ТүркПА кызматташтыгы өз ара пайдалуу соода механизмдерин өркүндөтүүгө багытталышы керектигин **түшүнүү;**

ТүркПАга мүчө мамлекеттерде өндүрүлгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өз ара керектөөнү стимулдаштыруу максатында жүктөрдү жана адамдарды ташууну жеңилдетүүгө жана тездетүүгө багытталган бардык демилгелерди ишке ашыруу ниетин **билдирүү;**

Туруктуу өсүштүн жана экономикалык өнүгүүнүн маанилүү элементи катары соода-экономикалык кызматташтыкты стимулдаштыруу үчүн транзиттик потенциалды жогорулатуу зарылдыгын **түшүнүү;**

Мыйзамдарды кабыл алуу, бюджеттерди бекитүү, ресурстарды мобилизациялоо аркылуу эл чарбасынын соода, өнөр жай, өндүрүш жана транспорт тармактарын өнүктүрүүдөгү парламенттердин жана парламентарийлердин өзгөчө ролун **эске алуу**;

Улуттук мыйзамдарды жөнгө салуу бөлүгүндө экономикалык базаны өнүктүрүүгө институттук, инфраструктуралык жана финансылык колдоо көрсөтүүдө парламенттердин негизги ролун **эске алуу менен**,

ТүркПАга мүчө мамлекеттер парламенттерине төмөнкүлөрдү **сунуштайт:**

a) ТүркПАга мүчө мамлекеттердин мыйзамдарын кийинчерээк шайкеш келтирүү жана жакындаштыруу менен соода өкүлчүлүктөрүнө тиешелүү мыйзамдык базаны *жакшыртуу;*

b) ТүркПА региондорунда деңиз жана “кургак” порттук хабдардын ишин өз ара синхрондоштурууга тоскоолдук кылган көйгөйлөрдү *талдоо* жана компетенттүү органдар менен системалаштыруу боюнча *зарыл чараларды көрүү*;

c) ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосундагы товарлардын агымын көбөйтүү максатында алардын борборлорунда жана ири шаарларында соода үйлөрүнүн үзгүлтүксүз ишин колдоо мүмкүнчүлүктөрүн *карап чыгуу* жана *ишке ашыруу*;

d) ТүркПАга мүчө мамлекеттерде транзиттик жүктөрүн жана өз ара керектөөчү товарларын ташууну камсыз кылуучу ТүркПАга мүчө

мамлекеттердин транспортчулары үчүн жагымдуу шарттарды *түзүү;*

e) ТүркПА регионунда транспорттук жана транзиттик потенциалды толук түрдө пайдалануу максатында ТүркПАга мүчө мамлекеттерде вагон жана локомотив тартуучу парктардын, деңиз паромдорунун жетишсиздигин жоюу боюнча биргелешкен чараларды *ишке ашыруу*;

f) ТүркПа региондорунда санариптик бизнести өнүктүрүү үчүн Каспий деңизинин төмөн бөлүгүндө була-оптикалык байланыш тармагын курууга байланышкан маалыматтарды жогорку ылдамдыкта жана коопсуз өткөргөн инфтратүзүм түзүүгө ниеттенген эл аралык инвесторлорду тартуу мүмкүнчүлүгүн *издөө*;

g) жалпы патформалардын негизинде мыкты жетишкендиктерди өз ара алмашуу максатында соода, транспорт, ташуу, өндүрүш, маалыматтык технологияларга жана башка чөйрөлөргө жогорку технологияларды киргизүү үчүн ТүркПа мүчө мамлекеттериндеги бизнестин активдүү өкүлдөрүнүн бирикмелерин *түзүү*;

h) соода-экономикалык саясатты иштеп чыгууда комплекстүү жана ийкемдүү мамилени кабыл алуу жана бул чөйрөдөгү бюрократиялык тоскоолдуктарды же ишке ашыруудагы каталарды четтетүү үчүн эксперттердин арасында үзгүлтүксүз негизде кеңешмелерди *өткөрүү*;

*i)* ТүркПАга мүчө мамлекеттерде тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдарды жакындатуу максатында кызыкдар тараптар үчүн соода-экономикалык потенциалды ишке ашырууга багытталган инвестициялык программаларды натыйжалуу пайдаланууга байланышкан улуттук жана эл аралык мыкты тажрыйбаларды *изилдөө.*